# Жакшылык - бул жакшы адеп-ахлак. Күнөө - көкүрөгүңдү өйүгөн жана адамдар билүүсүн жек көргөн иштериң

Наваас бин Симаан (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Жакшылык - бул жакшы адеп-ахлак. Күнөө - көкүрөгүңдү өйүгөн жана адамдар билүүсүн жек көргөн иштериң" Вабиса бин Маъбад (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчинине барсам, ал: "Жакшылык менен күнөө тууралуу сураганы келдиңби?" - деди. Мен: "Ооба" - дедим. Ал: "Жакшылык - жан дүйнө тынчтанып, жүрөк бейпил болгон нерсе. Күнөө - көңүлдө күмөн жаратып, көкүрөк тынч албай турган нерсе. Адамдар сага аны (адал деп) улам фатва беришсе да".

[Сахих (ишенимдүү)] [الحديث الأول: رواه مسلم، والحديث الثاني: رواه أحمد والدارمي]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жакшылык жана күнөө тууралуу баяндоосуна ылайык, жакшылыктын эң негизги белгиси Аллахка такыба болгон жана калайыкка зыянын тийгизбеген жакшы ахлак, бул ачууланбоо, жүзү жарык, сылык сүйлөө, карым-катышта болуп, жумшак, кичи пейил, жакшы мамиле жана жакшы сүйлөшүү менен болот. Жакшылык - бул, напси жана жүрөк тынч алган иштер. Күнөө – жүрөктө тынчсызданууу жараткан, адамдын көкүрөгү бейпилдик таппаган күмөндүү иштер. Ал тууралуу шектенүү пайда болот жана бул иш күнөө болуп калышы мүмкүн деген коркунуч жүрөктө туулат. Ошондой эле адам аны эл алдында көрсөтүүнү каалабайт. Анткени адам табиятынан элге жакшы жагын гана көрсөткүсү келет. Эгер кылганын элге көрсөтүүнү жек көрсө демек, бул күнөө, анда эч жакшылык жок. Эгер бирөөлөр аны кылууга фатва берип жатса да, өзүңдө экиленүү болсо, алардын айтканын аткарба. Анткени туура илимге негизделбеген фатва күмөндү кетире албайт. (Күмөн анык болуп, фатва берген адам аны билбестен фатва бере бериши мүмкүн). А эгер фатва шарияттык далилге таянып чыгарылса, анда фатва алган адам, эгер көңүлу жай таппаса деле аны аткарса болот.